«Пренебрежение к культуре любого из народов есть бескультурье, ибо ни одна национальная культура, пусть и самая богатая, не является самодостаточной. Национальная ограниченность в любой форме гибельна и для личности и для народа» [2, с. 50].

Мы понимаем, что система знаний создает представление о поликультурном образовании, но эти знания сами по себе могут не всегда быть востребованными, необходимо продумать систему адекватных методов и приемов обучения, чтобы сделать знания убеждениями и умениями применять их в различных жизненных ситуациях. Создание таких ситуаций способствует формированию личной культуры специалиста. Соединение учебного содержания с соответствующими методами обучения с учетом личностных особенностей студентов, их личной культуры будет способствовать формированию поликультурного человека. Мы рассмотрели лишь отдельные подходы к развитию поликультурного образования в условиях вуза. Работа в этом направлении находится в стадии становления, мы надеемся на ее дальнейшее развитие.

ЛИТЕРАТУРА

1. Беловолов В. А., Беловолова С. П. Этнокультурная направленность содержания образования //Педагогическое образование и наука. – 2002. – № 4. – С. 37-39.
2. Волков Г. Н. Этнопедагогизация процесса современного воспитания /Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях: Материалы международной научной конференции 2-3 октября,1997 года. – Б.: КГПУ, 1997. – С. 47-57.
3. Демократический кодекс народов Кыргызстана (Общественный договор). – Б., 2003. – 63 с.
4. Закон Киргизской Республики «Об образовании». – Б.: Токтом, 2003. –62 с.
5. Идеологическая программа Кыргызстана (Хартия будущего)// Сборник материалов по образовательной деятельности и перспективам ее развития в Кыргызской Республике «Шаг за шагом». – Б.: МОК КР, 2003. – С. 76-88.
6. Концепция «Образование через культуру» //Материалы научно-практической конференции «Образование через культуру». – Бишкек: КИО, 1996. –С. 3-19.
7. Морозова Т. Средство совершенствования иноязычной подготовки студентов //Учитель. – 2005. –№ 2. – С. 54-57.

## ТАРЫХ САБАГЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК АҢ-СЕЗИМИН КАЛЫПТАНДЫРУУ

А.К. Каниметов, Р.Л. Каримова
*К.Тыныстанов ат. Ысыккөл мамлекеттик университети*

Этнопедагогика илиминин өз алдынча койгон жалпы жана конкреттүү милдеттери болгондуктан, биринчиден, калк казынасында катылып, кадимки турмушта өнүгүп келген элдик педагогикалык идеялар менен тажрыйбаларга талдоо жүргүзүүгө байланыштуу болсо, экинчиден, элдик педагогиканын салттарын азыркы окуу – тарбия мекемелеринде натыйжалуу пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууга байланыштуу.

Чуваш окумуштуусу Г. Н. Волков: «Этнопедагогика илими – бул өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык калктын тажрыйбасы анын педагогикалык көзкараштары, турмуш - тиричилиги, үй – бүлөнүн, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим», - деп айтып кеткен.

Этнопедагогика илими тарых, этнография, этнология, археология илимдери менен өтө жакын, тыгыз байланышкан илим болуп саналат.

Тарых грек тилинен алынып, айтып берүү, изилдөө, болуп өткөн окуяларды түшүндүрүү дегенди билдирет. Тарых – адам коомунун өткөндөгүсү жана азыркы учуру, коомдук турмуштун ар кыл формаларынын мейкиндик – убакыт өлчөмдөрүндө

өнүгүшүнүн мыйзамченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим. Тарыхтын мазмунун адамзат турмушундагы өзгөрүүлөр, сакталып калган тарыхый эстеликтердеги жана булактардагы маалыматтар түзүп, алар аркылуу элдердин, мамлекеттердин чарбасын, ички жана тышкы коомдук турмушун, тарыхый инсандардын ишмердиктерин билүүгө болот.

Этнография (этнология) бул илим эки ат менен түшүндүрүлөт. Биринчиси – этнография, экинчиси – этнология. Этнология гректин сөзү, кыргыз тилинде этнос – уруу, ал эми «графейн» жазуу, чийүү деген түшүнүктү берет. Ал эми экинчиси «этнос» - уруу, эл, «логия» - илим. Демек, эл жөнүндө илим экен. Археология – адамдардын өткөн турмушунан калган заттык эстеликтер – эмгек куралдарынын, үй тиричилигинин калдыктары, кооздук жасалгалар, ошондой эле турак – жайлар, көрүстөндөр, казыналар жана башка аркылуу тарыхты изилдеген илим катары эсептелет.

Тарых өзү окута турган объекттин көлөмү боюнча дүйнө тарыхы, континенттердин, айрым бир өлкөлөрдүн, элдердин же элдердин тобунун тарыхы болуп бөлүнөт. Элдин тарыхын билбей туруп, анын тарбия маданиятынын тарыхын изилдөөгө мүмкүн болбогондой эле элдин тарбиялоо маданиятынын тарыхын билбей туруп, анын тарыхын изилдөө мүмкүн эмес. Демек, этнопедагогика менен тарых илимдеринин өз ара байланышы ушундай мыйзамченемдүү жагдайлар менен мүнөздөлөт.

Мектеп баскычында окуучулардын этнопедагогикалык аң -сезимин калыптандыруу үчүн кээ бир темаларды тандап алса болот.

«Кыргыз» деген аттын келип чыгышы жөнүндө, Орхон – Энесай эстеликтери, Саймалыташ сүрөт жазма сырлары, «Манас» эпосу жөнүндөгү тарыхый маалыматтар жана башкалар.

Азыркы учурда тарых илимине жаңыча мамиле кылуу, жаңыча ойлонуунун натыйжасында, мурда таптакыр изилденбей келген жаңы маалыматтар жана даректер изилденип, жарыкка чыгып жаткандыгы чындык болгондугуна күбө болуп турабыз.

Кыргыздар Борбордук Азияда гана эмес, дүйнөдөгү эң байыркы эстеликтерде, колжазмаларда грек, кытай, араб, фарсы, түрк жана башка тилдердеги булактарда сакталып, анын бизге ушул күнгө чейин жетиши – тарыхта өтө баалуу тарыхый булактардан болуп саналат.

Тарыхый маалыматтарга жана булактарга караганда, кыргыздар жөнүндө маалыматты биринчи жолу кагаз бетине кытай саякатчылары түшүрүшкөн. «Кытай тарыхынын атасы» деп аталган Сыма Цяньдын жазган «Тарыхый запискалар» (Ш - цзи) биздин заманга чейинки 99- жылы жазылып бүткөн. Ушул эмгекке кытайдын түндүгүндө хунндардын түрк уруулары менен аралашып турганы жөнүндө маалымат берет да, 201-жылы хунндар Гэгунь падышачылыгын өзүнө каратканы айтылат. Кытай окумуштуулары Гэгунь (Цянькун) деген термин менен кыргыздарды түшүнүшкөн.

«Кыргыз» этноними түрк – монгол жана башка тилдүү элдердин ичинен жазма булактарда эң алгачкы эскерилген энчилүү эл аты экендиги илимде мурдатан далилденип келе жатат. «Кыргыз» - элдин, мамлекеттин аталышы катары кытай жыл баяндарында, байыркы түрк, уйгур, кыргыз руникалык жазма эстеликтеринде, Византия, араб – фарси, монгол жазма булактарында чагылдырылат. Этникалык аталыш түрк – монгол элдеринин фольклорунда, кыргыздардын жана башка этностордун элдик оозеки чыгармаларында сакталып келет. «Кыргыз» аты Орхон – Энесайдагы рун сымал жазма эстеликтерде – «кыргыз», «кыркыз», грек тилинде – «херкис»; монголчо – «хиргис», «хэргис», латынча – «керкис», араб жана фарси булактарында – «хырхыз», «хырхыр» формаларында чагылдырылган.

«Кыргыз» термини жөнүндө кыргыздын белгилүү окумуштуу тарыхчысы Б. Жамгырчинов кыргыз элинин кырк уруудан түзүлгөндүгүн айтып, аны тизмелеп, баардыгы – кырк этнонимден туруп, ал урууларды «эски» уруулар деп атаган.

Ал эми «жаңы» кыргыз уруулары Б. Жамгырчиновдун пикири боюнча легендарлык Долон бийден таралат, ал эми анын эки уулу Ак уул жана Куу уулдан оң, сол канат, ичкиликтер Кызыл уулдан таралат.

Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө оозеки чыгармалар - уламыштар, санжыралар, легендалар өтө арбын. Бул жөнүндө

С. Аттокуров «Кыргыз санжырасы», - Б., 1995; С. Закиров «Кыргыз санжырасы», - Б., 1996; Э. Маанаев «Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү» - Б., 2003 жана башка атайын китептер жарык көргөн. Бул адабияттарды сабакта класстан тышкаркы тарбиялык сабакта пайдаланса болот.

Класстан тышкаркы тарбиялык сабактарда окуучуларга санжыра жөнүндө көбүрөөк түшүнүк берүү керек. Санжыра – эл, уруу жана урук тууралуу айтылып жүргөн оозеки чыгарма. Санжырада кыргыздардын оор тагдыры жана турмушу баяндалган. Уламыштарда жана санжыраларда кыргыздар кырк кыздан, кырк уруудан таралышы жөнүндө кеп айтылат. Элдик оозеки чыгармаларда «кырк уруулуу кыргыз» сөзү арбын кездешет. Ушул эле маалыматтар «Манас» дастанында да чагылдырат.

Кырк уруулуу кыргызмын,
Кырк уруу болгон кыргызмын,
Кыра уруу кыргыз уругум.

Жалпысынан, Азиянын эң байыркы элдеринин бири болгон кыргыздар жөнүндө маалыматтар тарыхый жана башка булактарда өтө арбын кездешет.

Кыргыз деген биринчи жолу Орхон – Энесай түрк эстеликтеринде (VI-VIII кк.) кездешет. Ал эми кытай тилиндеги китептерде бул этноним андан мурун ар түрдүү шрифтер менен жазылып келген. Алардын чечмеленгени Гянь-гунь, хягас, хагас, сяцзясы, хэхэ, цилициясы, хэлицзы ж. б.

Кыргыз этнониминин жазылыш формасы Орхон – Энесай эстеликтеринде өзгөчө ролду ойнойт. Себеби, ал жазууларды башка түрк элдери менен бирге кыргыздар да пайдаланган.

Орхон – Энесай түрк алфавити VI-VII кылымдарда пайда болуп, X-XII кылымдарга чейин колдонулган. Бул байыркы руна сымал жазуу негизинен чоң чулу таштарга, асканын жылмакай беттерине жана кой таштарга чегилген. Мындай жазуу эстеликтери Тывадан, Тоолуу Алтайдан, Якутиянын түндүгүнөн жана Кыргызстандын Талас өрөөнүнөн табылган. Таластагы жазуулар Энесайдагы жазуу эстеликтерине тектеш. Жазууларды 1893 - жылы даниялык профессор В. Томсен чечмелеген, биринчи жолу 1894 - жылы орус түркологу, академик В. В. Радлов окуган. Бул жазууну Энесайдагы Кыргыз мамлекети, Чыгыш Түрк кагандыгы, Уйгур кагандыгы, Жетисуу, Чыгыш Түркстандагы бир катар түрк өлкөлөрүнүн калкы колдонушкан. Көрүнүктүү түркологдордун пикири боюнча Энесай эстеликтери кыргыздарга таандык болгон.

Саймалууташ сүрөт – жазма – сырдуу табышмак. Ал байыркы Орто жана Борбордук Азиялыктардын таш беттерине чегип калтырган тарыхый эстелиги, улуу мурасы, баа жеткис маданият, таш китеби, ачык асман алдындагы сүрөт музейи, энциклопедиясы. Ар түрдүү көлөмдөгү жылмакай тегиз таштарга Адам, тооэчки, теке, аркар Бугу, жылкы, карышкыр, түлкү, ит, илбирс жана башка жаныбарлардын сүрөтү чегилип түшүрүлгөн. Бул сүрөттөр б. з. I миңинчи жылга таандык. Кыргыз жергесиндеги Саймалууташ таш бетине чегилген сүрөттөрдүн дүйнөдөгү эң чоң

галереясы болуп эсептелет. Аз сандагы сүрөттөр Чолпоната шаарына жакын жерден жана Кетментөбө өрөөнүнөн табылган. Булар байыркылардын дүйнө таануусун билдирет, тарыхый доорго чейинки турмуш тиричилигин, салт – санаасын, үрп – адатын, мифологиялык ой – түшүнүктөрүн чагылдырат. Жалпылап айтканда, бул – байыркылардын тарыхый доорго чейинки илим – билими, дүйнө таануусу, астрономиясы, геологиясы, экологиясы жана башка түшүнүктөрү деп айтсак болот.

Мектептерде жаңы окуу жылы башталганда дайыма биринчи сабак «Манас» сабагы өткөрүлүп жүргөндүгү баарыбызга белгилүү. Бул тарбиялык сабакта мугалим, «Манас» эпосундагы тарыхый баалуу маалыматтарга таянып, этнопедагогикалык ыкмада сабак өтсө болот.

«Манас» эпосу оозеки кыргыз тарыхын, коомдук турмушун чагылдырган бабалар баяны. Эпосто кыргыздардын социалдык – экономикалык, саясий абалы, көзкаранды эместик үчүн жүргүзгөн күрөштөрү, коңшу элдер жана өлкөлөр менен өз ара мамилеси баяндалган.

Биздин доорго чейинки II кылымдан башталып, бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен көнөө тарыхтын көптөгөн тарыхый жана «этаптык баскычтарын» боюна сиңирген оозеки чыгармачылыксыз, өзгөчө анын туу чокусун түзүп турган «Манас» эпосун элестетпей, аны азыркы учурда тарбиялоо системасына кошпой туруп, Кыргыз Республикасында патриоттук тарбия берүүнү уюштуруу мүмкүн эмес.

«Манас» эпосу – кыргыз элинин тил байлыгынын, көркөм сөз өнөрүнүн көөнөрбөс казынасынын, этнографиясынын, коомдук – саясий ой – толгоосунун (философия), психологиясынын, педагогикасынын, рухий турмушунун, жан дүйнөсүнүн сырларынын ачкычы.

Жыйынтыктап караганда, мектепте окуучуларга тарых сабагында гана эмес, башка предметтик сабактарда, класстан тышкаркы жана тарбиялык иштерде ар бир окуучунун этнопедагогикалык билимин жогорулатуу бүгүнкү учурдун талабы.

## АДАБИЯТТАР


1. Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Ф., 1990.
2. Аттокуров С. А. Кыргыз этнографиясы. - Б., 1998.
3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. - Б., 1996.
4. Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания. - Б., 1997.
5. Маанаев Э. Ж., Каратаев О. К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. - Б., 2003.
6. Осмонов Ө. Ж., Асанканов А. А. Кыргызстан тарыхы байыркы доордон азыркы мезгилге чейин. - Б., 2002.


# УЛУТТУК МАДАНИЙ ДӨӨЛӨТТӨР - ДЕМОКРАТИЯЛУУ ИНСАНДЫН ӨНҮГҮШҮНҮН АЖЫРАГЫС ЭЛЕМЕНТИ


А.С. Баялиева

*Ж. Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети, Бишкек ш.*


Элибиздин 2200 жылдан ашык мамлекеттүүлүгүнүн болгондугу, ага шайкеш өз доорунун ой максатын, жалпы өнүгүү багытын, нарк дөөлөттөрүн чагылдырган улуттук идеялардын болгондугу эч айныксыз нерсе. Анткени кайсы гана мамлекет